С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети

Филология факультети

Кыргыз жана орус тилдери кафедрасынын кезексиз отурумунун

**Протоколу**

Нарын шаары 23.11.2023

**Каиышкандар:**

Касаболотова Г.А. – кафедра башчысы

Арыпбекова Д.Ж. – п.и.к., доц.м.а. кафедра мүчөсү
Аман кызы Б. – п.и.к., доцент, кафедра мүчөсү.
Аскар уулу Т – окутуучу, кафедра мүчөсү
Бийгелдиева Н.А. – п.и.к., доцент, кафедра мүчөсү
Жунушбаева Б.М – окутуучу, кафедра мүчөсү
Исакбаева З.Т. - ф.и.к., окутуучу, кафедра мүчөсү
Мукашова А.С. – окутуучу, кафедра мүчөсү
Өмүрканов Т.А. - ф.и.к., доц.м.а., кафедра мүчөсү
Сатылган кызы Г – ф.и.к., доц.м.а., кафедра мүчөсү
Таштанкулова Ж.Ж - п.и.к., доц.м.а. кафедра мүчөсү
Үсөналиева Г.С. - окутуучу, кафедра мүчөсү
Доскулова Ж.К – отурумдун катчысы, кафедранын лаборанты

**Күн тартибинде**

Кыргыз тили борборунун ачылышын алдын ала талкуулоо

**Угулду:**

Алгач кафедра башчысы Г.А. Касаболотова сөз сүйлөдү. Ал сөзүндө ушул күнү саат 11.00дө Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Аман Сманбаев атындагы кыргыз тили борборунун ачылыш аземин салтанатуу ачылышын өткөрүү тууросында айтып өттү. Ошондой эле кафедра башчысы аталган борбор Эл мугалиминин балдарынын демөөрчүлүгү астында евро ремонт менен камсыздалып 1 ай ичинде жасалып бүтркондүгүн белгиледи. Борбордун ачылыш аземине сырт жактан конок катары Нарын облустук админстрациясынын социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башкы адиси Ажар Дүйшөналиева, Жерге-Тал айылындагы А.

Табалдиев атындагы орто мектептин директору Абай Адиев, аталган мектептин окуу иштери боюнча орун басары Болот Кырчобаев, Ардагер мугалим Жылкычы Жамгырчиева жана Нарын шаарындагы К. Мамбетакунов атындагы педагогикалык колледждин окуу иштери боюнча директордун орун басары Жылдыз Кадырова, тарбия иштери боюнча директордун орун басары Бактыгүл Сыдыгалиева жана Нарын шаарындагы жалпы билим берүүчү мектептердин кыргыз тилчи мугалимдери келишмекчи. Андан кийинки сөздү кафедра башчысы аталган борбор атын алып жаткан Эл мугалиминин кызы, кафедра мүчөсү Б. Аман кызына сөз берди. Ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду. С.Наааматов атындагы НМУнун Окумуштуулар Кеңешине берген сунушунун негизинде жана алардын оң жакка чечип бергендиктен бул борборду ачуу ишине киришкендиктерин белгиледи. Борбордун ичинде заманбап интерактивдүү окутууга ылайыктуу болуусу үчүн 43 дюймдук Smart телевизор, маркердик доска, 90 илимий-теориялык жана профессионалдуу акын-жазуучулардын публицистикалык чыгармалар жыйнагынан турган китептер атайын шкафтарга жайгаштырылгандыгын айтып өттү. Бул болсо студенгттердин билим алуусуна жана илимий изилдөө иштерди жүргүзүүлөрүнө көмөкчү боло тургандыгын кошумчалады.

Кафедра мүчөсү Г.Үсөналиева сөз сүйлөп, ал төмөндөгүлөргө токтолду. Учурда бул борбор максатка ылайык. Себеби, НМУда башка тилдерди окутуу жана үйрөтүүгө ылайыкталган борборлор бар экендинин белгилеп, кыргыз тилибиз мамлекеттик тил болгондуктан жана ал борборго Эл мугалиминин аты ыйгарылып жаткандыгы туура чечим экендигине тоутолду.

Ушундай эле пикирлерин кафедра мүчөлөрү Д.Ж. Арыпбекова, Т. А. Өмүрканов, Н.А. Бийгелдиева, З.Т Исакбаева жана башкалар кубатташты.

Жогорудагы мугалимдердин оюн угуп кафедранын отуруму төмөндөгүдөй

**Токтом кабыл алды:**

1. С. Нааматов атындагы НМУнун башкы корпусундагы аймагында Кыргыз тили борборунун негизги максаттары болуп төмөнкүлөр белгиленсин:
    - кыргыз тилин өнүктүрүү;
    - мамлекеттик тилди окутуу;
    - тил маданиятын жогорулатуу;
    - окуу курстарын жана маданий иш-чараларды уюштуруу.
2. Борбордун китеп фондусун жаңылап жана толуктап туруу жоопкечилиги кафедра мүчөсү Б. Аман кызына бекитилсин

Отурумдун төрайымы Касаболотова Г.А

Катчы Доскулова Ж.К

Фото отчет













